**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы**
**Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту**

**Д 10.11.028 Диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 809.434.1(575.2)(043.3)

**Мапаева Нуржамал Абдиллажановна**

# Публицистикалык стилдеги тексттердин семантика-структуралык өзгөчөлүктөрү (гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин мисалында)

**10.02.01 – кыргыз тили**

Филология илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2012**

**Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин кыргыз тил илими кафедрасында аткарылды.**

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору
**Маразыков Турусбек Сейдакматович**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору
**Абдыкеримова Аида Эсенгуловна**

филология илимдеринин кандидаты
**Ажибаева Замира Абдыкалыковна**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз тил илими кафедрасы.
Дареги: Бишкек ш., Тынчтык пр., 27.

Диссертациялык иш 2012-жылдын 3-мартында саат 14.00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтундагы филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д10.11. 028 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2012-жылдын 30-январында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты Семенова Ж.А.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.**

Кыргыз тексттик лингвистикасында гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантика-структуралык, лингвостилистикалык, коммуникативдик өзгөчөлүктөрү буга чейин илимий-теориялык негизде талапка ылайык изилденбеген. Бул маселе текст таануу багытында актуалдуу. Бүгүнкү цивилизациянын чордонунда кабар, маалымат, билдирүү жанрындагы тексттер коомдук турмушта элдин бүйрүн кызытып, негизги ролду ойноодо. Өзгөчө, гезиттик кабар түрүндөгү тексттер жазуу формасында, кыска, так, жөнөкөй келип, мазмундук жактан коомдук турмуштун күрөө тамырынан кабар берип, коомчулукту толкундаткан маселелерди чагылдыргандыгы менен айырмаланат. Ошондуктан гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер учурда ыкчам өнүгүп жаткан маалымат булагы. Демек, коомдо информациянын маанилүүлүгү күч алып турган мезгилде гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин табият өзгөчөлүгүн терең изилдөө – учурдун талабы. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантика-структуралык, лингвостилистикалык, коммуникативдик, прагматикалык багыттары ар тараптан иликтөөгө алынгандыгы менен бул иш илимий-теориялык да, илимий-практикалык багытта да актуалдуу.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.**

Бул диссертациялык изилдөөнүн темасы Ош мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты** гезиттик факты-материалдарга таянып, гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантика-структуралык, лингвостилистикалык, графикалык, коммуникативдик, эстетикалык, прагматикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

Аталган максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

- темага тиешелүү лингвистикалык, лингвостилистикалык, прагматикалык, коммуникативдик багытта буга чейин жарык көргөн илимий-теориялык эмгектер тууралуу баяндама түзүү, темага тиешелүү илимий-теориялык маалыматтарды жана керектүү факты-материалдарды иргеп алуу;
- гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин жазылыш технологиясын, мындай тексттердин түзүлүш себептерин, максаттарын, модалдык-коммуникативдик негиздерин аныктоо;
- гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантика-структуралык, лингвостилистикалык, коммуникативдик табиятын аныктоо жана аталган тексттердин графикалык жактан жабдылыш өзгөчөлүктөрүн анализдөө;

- гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин эстетикалык турпатын түзүүчү логика-семантикалык негиздерди аныктоо жана аларга мониторингдик иликтөө жүргүзүү.

**Диссертациялык иштин натыйжаларынын илимий жаңылыгы.** Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантика-структуралык, лингвостилистикалык табияты, алардын графикалык жактан жабдылыш өзгөчөлүктөрү, аталган тексттердин эстетикалык турпатын түзүүчү логика-семантикалык негиздер, мындай кыска тексттерде модалдуулуктун берилиши, аларга лингвостилистикалык багытта мониторингдик иликтөө жүргүзүү сыяктуу илимий-теориялык мүнөздөгү маселелер бул диссертацияда алгачкы жолу иликтөөгө алынгандыгы изилдөөнүн илимий жаңылыгы болуп саналат.

**Иштин практикалык баалуулугу.** Учурда кыргыз тил сабагында тилдин грамматикалык өзгөчөлүктөрү баса окутулуп, бирок кыргыз элинин үрп-адат, каада-салт өзгөчөлүктөрүнө ылайык мыкты, маданияттуу сүйлөй билүүгө жана кыргыз тилинде өз оюн мыкты жазууга үйрөтүү маселеси орто мектепте, жогорку окуу жайларында да жакшы ишке ашырылбай келе жатат. Мунун себеби информация алмашуунун мотивдери, этномаданияты, логикасы, тактика жана стратегиясы, талап чендери жана тексттин семантика-структурасы, коммуникативдик өзгөчөлүктөрү тууралуу кыргыз тил сабагында бүгүнкү күнгө чейин максатка ылайык билим берилбей келе жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Биздин оюбузча, мындай абалдан чыгуунун жолу катары тилди окутуунун жаңы концепциясын түзүү керек. Анда информация алмашуунун теориясын, тексттин табиятын, текст аркылуу информация туюндуруунун жана информацияны кабыл алуунун негиздерин, талап чендерин системалуу өздөштүрүү зарыл. Бул диссертациялык иш публицистикалык стилдеги тексттердин табиятын, айрым өзгөчөлүктөрүн иликтөөгө арналгандыктан, дал ушул сыяктуу практикалык маселелерди чечүүгө, буга чейинки түзүлгөн кыргыз тили боюнча окуу китептеринин мазмундук сапатын жакшыртууга жана аларды жаңыртууга практикалык жактан өбөлгө боло алат.

Диссертациянын материалдарын жогорку окуу жайларынын студенттерине «Кыргыз тилинин стилистикасы», «Текст таануунун негиздери», «Текстке лингвистикалык талдоо», «Коммуникациянын теориясы жана практикасы» сыяктуу сабактарды өтүүдө пайдаланууга жарамдуу.

Ошондой эле аталган темада жогорку окуу жайларынын журналистика адистиктеринде атайын курс, атайын семинар өтүүгө болот.

**Коргоого коюлуучу жоболор:**

1. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантикасы, структурасы лингвостилистикалык факторлорго тыгыз байланыштуу болот;

2. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантика-структуралык табиятына тексттин модалдуулугу чоң таасирин тийгизет;

3. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер публицистикалык стилдин талап-нормаларына, анын тилдик, стилдик өзгөчөлүктөрүнө жана коомчулукка информация туюндуруунун, сунуштоонун мыйзам-ченемдерине ылайык түзүлөт;

4. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер гезит аркылуу информация туюндуруунун этикетине жана андагы өзгөчөлүктөргө да ылайыкталып түзүлөт;

5. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер мазмундук, коммуникативдик, прагматикалык, модалдык багыт боюнча полифункционалдуу касиетке ээ;

6. Публицистикалык стилдеги тексттер байыркыдан азыркыга чейин кыргыз коомчулугунун саясий-идеологиялык маданиятынын өзгөрүүсүн, өнүгүүсүн, кыймылын чагылдыргандыктан, түпкү негизинде алар да коммуникативдик жактан белгилүү бир саясий-идеологиялык, маданий, эл агартуучулук максаттарды көздөп түзүлөт.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Иште сунушталган гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин графикалык, модалдык, эстетикалык, прагматикалык, мониторингдик, лингвистикалык жана лингвостилистикалык өзгөчөлүктөрү тууралуу маселелер диссертант тарабынан жекече аткарылды.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Бул иштин айрым материалдары Ош МУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинде 2008-жылы май айында болгон «Мамлекеттик тилдин изилдениши жана окутулушу» аттуу илимий-практикалык конференцияда, 2008-жылдын май айында ОГПИ менен КР УИАнын Манас таануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору тарабынан Ч.Айтматовдун 80 жылдык маарекесине карата уюштурулган «Дүйнөлөшүү процесси жана Айтматовдун адабий ааламы» аттуу республикалык илимий-практикалык конференцияда, 2009-жылы декабрда Ош МУ тарабынан уюштурулган «Ч.Айтматов жана азыркы доор» эл аралык илимий-теориялык жана практикалык конференцияда, 2009-жылы сентябрда уюшулган мамлекеттик тилдин 20 жылдыгына арналган «Мамлекеттик тилдин окутулушу жана проблемалары» аттуу республикалык илимий-практикалык конференцияда, 2011-жылы май айында ОГПИ тарабынан өткөрүлгөн «Билим берүү системасын реформалоо» аттуу илимий-практикалык конференцияларда жасалган докладдарда туюндурулган.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.**

Иштин мазмунуна байланыштуу 7 илимий макала жарык көргөн.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү.** Иш киришүүдөн, төрт бөлүмдөн, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү – 229 бет.

## Иштин негизги мазмуну

**Киришүүдө** диссертациялык иштин актуалдуулугу, негизги максаты, милдеттери, илимий-теориялык жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого коюлуучу жоболору, иштин апробациясы жана түзүлүшү тууралуу маалыматтар берилет.

Иштин I бөлүмү **“Изилдөөгө байланыштуу адабияттарга баяндама”** деп аталат да, эки параграфтан турат. Бул бөлүмдүн 1-параграфында публицистикалык стилдин табияты, өзгөчөлүктөрү жана аталган маселелер боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр, жарык көргөн илимий-теориялык адабияттарга баяндама берилген. Ошондой эле гезиттин пайда болуу тарыхы, өнүгүү эволюциясы, массалык маалымат каражаттарынын электрондук түрлөрү интернеттин азыркы мезгилдеги ролу жөнүндөгү маалыматтар камтылган.

Публицистикалык тексттер элдин кеңири массасына арналгандыктан, анын стили так, ачык, жөнөкөй, образдуу, көпчүлүккө жеңил, түшүнүктүү болот. Анда тилдин негизги функциясы катары эсептелген кабарлоо, же массалык маалыматты туюндуруу жана массанын аң-сезимине таасир этүү сыяктуу функциялар аткарылат. Мындай тексттерде кылдат, логикага негизделген, ар тараптан терең иликтөөгө алынган ар түрдүү далилдер, факты-материалдар кеңири колдонулгандыктан, публицистикалык тексттер расмий, документалдуу, ынанымдуу, обьективдүү болот.

Публицистикалык стилдин табияты жана тексттин өзгөчөлүктөрүн окумуштуулар В.В.Виноградов, Д.Э.Розенталь, М.Н.Кожина, В.Г.Костомаров, А.И.Ефимов, Б.А.Серебренников, М.П.Брандес, И.В.Арнольд, В.Д.Бондалетов, А.В.Швец, В.М.Горохов, Е.И.Пронин, Е.П.Прохоров, Т.А.Беневоленская, В.Н.Вакуров, Н.Н.Кохтев, Г.Я.Солганик, В.В.Ворошилов, В.В.Ученова, А.Б.Горбунов, А.Н.Васильева, Ю.П.Буданцев, В.Г.Колосов, В.И.Здоровеча, А.О.Мазиева, В.М.Петров, Г.А.Голыцин, Рока Йолан, М.Н.Рудковская, И.В.Гальперин, Б.М.Юнусалиев, А.Турсунов, С.Давлетов, А.Жапаров, Б.Ө.Орузбаева, С.Кудайбергенов, Т.Аширбаев, Б.Ш.Усубалиев, С.Өмүралиева, С.Ж.Мусаев, Т.С.Маразыков, А.Э.Абдыкеримова ж.б. эмгектеринде чагылдырышкан..

I бөлүмдүн 2-параграфы **“Публицистикалык стилдин кыргыз тил илиминде изилдениши”** деп аталып, анда кыргыз тил илиминде публицистикалык стилдин изилдениш таржымалы, бул багытта буга чейин жазылган, жарыяланган илимий-теориялык адабияттар жана алардын мааниси тууралуу маалыматтар камтылган.

Иштин II бөлүмү **«Изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталат. Анда кыргыз публицистикасынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү, жанрлары, публицистикалык стилдеги тексттердин түзүлүш өзгөчөлүктөрү жана аларды иликтөөнүн методдору тууралуу илимий маалыматтар берилет.

Иште «Эркин тоо», «Кыргыз туусу», «Кыргыз руху», «Агым», «Жаңы агым», «Заман Кыргызстан», «Кыргыз тили», «Фабула», «Форум» аттуу гезиттердеги кабар түрүндөгү кыска тексттер лингвостилистикалык багытта иликтенди. Изилдөө методдору иликтөөгө алынган материалдардын табият-өзгөчөлүктөрүнө жараша тандалып алынды. Бул изилдөөдө материал топтоо, байкоо жүргүзүү, чечмелөө, системалаштыруу, топтоштуруу, саноо сыяктуу эмприкалык методдор жана анализ, синтез, сыпаттоо, салыштыруу, жалпылоо, моделдештирүү сыяктуу теориялык методдор колдонулду.

II бөлүмдүн 1-параграфы **«Публицистикалык стилди изилдөөдө колдонулган методдор»** деп аталат.

Публицистикалык стиль оозеки жана жазма формада болот. Бул стилде текст кандай формада аткарылгандыгына карабай, туюндурулуучу маалыматтын жалпы мазмуну аталган стилдин табиятына ылайык жазма жана оозеки тексттин экөөндө тең сакталат. Бирок жазма жана оозеки тексттин өзгөчөлүгүнө байланыштуу анда экстралингвистикалык факторлордун катышы боюнча өз ара айырмачылыктар бар.

Октябрь революциясына чейин кыргыз коомчулугунда публицистикалык стиль ошол мезгилдин жашоо-шартына, өзгөчөлүгүнө ылайык оозеки формада чыгыштык нукта өнүгүп келген, ал эми революциядан кийин публицистикалык стилдин өнүгүшү жазуу формасында батыштык нукта жүргүзүлгөн. Кыргыз публицистикасы оозеки түрүндө байыртадан бери эле жашап жана өзгөчө формада өнүгүп келген деп айтууга негиз бар. Кыргыз коомчулугунда байыркы мезгилдерден бери эле публицистикалык стилдеги чыгармалар жалаң эле саясий, идеологиялык маанидеги маселелерди камтыбастан, ошондой эле адеп-ахлак, агартуу, илим-билим маселелери тууралуу да элге маалымат тартуулап келген.

Кыргыз элинде публицистикалык стилдеги чыгармалар элдик оозеки чыгармаларга, макал-лакаптарга сиңирилип кеткенин, көркөмдүүлүк менен публицистикалуулуктун синтездешип, бири-бирине ширелишип калганын тастыктайт. Мына ушул көрүнүш кыргыз публицистикасынын урунттуу дагы бир өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт.

Чыгыштык нукта, өзгөчө жагдайда өнүккөн кыргыз публицистикалык стили Октябрь революциясына чейин оозеки формада элдин бүтүндөй тарыхын камтып, өз мезгили менен бирге муундан-муунга өтүп, элдин элдигин сактоодо чоң роль ойногон. Анткени публицистикалык стилдеги тексттер коомдун аң-сезимине, адеп-ахлагына таасир этүү кызматын аткарууда жана коомчулуктун саясий, идеологиялык, маданий, агартуу

багытында түшүнүк-туюмдарын калыптандырууда бир түрдүү эмес, ар түрдүү ык-амалда информация туюндурат. Ушул жагдайдын негизинде публицистикалык стилдеги тексттердин жанрларга, түрлөргө бөлүнүш себептери камтылган.

II бөлүмдүн 2-параграфы **«Публицистикалык стилдеги тексттердин түзүлүш өзгөчөлүктөрүн аныктоодогу методдор»** деп аталат.

Тексттин уюшулушун, анын семантика-структуралык, логика-коммуникативдик, прагматикалык маселелерин стилдик факторсуз аныктоого мүмкүн эмес. Анткени стилдик фактор текстти ар тараптан уюштуруучу мүмкүнчүлүккө ээ. Стилдик факторлор, жагдай-шарттар публицистикалык стилдеги тексттин түзүлүш өзгөчөлүктөрүн аныктайт жана шарттайт. Публицистикалык стилдеги тексттер мазмундук түзүлүшү боюнча да функционалдык стилдин башка түрлөрүнөн обочолонот. Бул стилдеги тексттин мазмундук жалпы багыты, информативдик стратегиясы - коомчулукту кызыктырган урунттуу маселелер. Маалыматтар аталган стилдеги факторлорго, стилдик нормаларга ылайык туюндурулат.

Публицистикалык стилдеги тексттердин башталышы, уланышы, аякталышы ачык байкалат да, аларда семантика-структуралык түзүлүш айкын, колдонулган тилдик каражаттар көпчүлүккө түшүнүктүү болот.

Аталган стилдеги текст семантика-логикалык, структуралык, прагматикалык жактан ачык, так жана жөнөкөй түзүлгөнү менен, анын мазмундук негизи коомдук турмуштун көйгөй маселелерин чечүүгө аракет кылуу, коомчулукта оң, оптимисттик көз карашты калыптандыруу, коомчулукту жакшылыкка үмүттөндүрүү, ынандыруу өңдүү мотивдерге жык толгон. Демек, публицистикалык стилдеги тексттер коомчулуктун көйгөйлөрүнө, кызыкчылыгына, талаптарына ылайык информацияларды туюндургандыгы менен башка стилдеги тексттерден айырмаланат.

Иштин III бөлүмү **«Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантика-структуралык өзгөчөлүктөрү»** деп аталып, анда гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин спецификасы, алардын графикалык жактан жабдылыш өзгөчөлүктөрү, мындай кыска тексттердин эстетикалык турпатын түзүүчү логика-семантикалык негиздер, модалдуулук, тексттердин темаларындагы өзгөчөлүктөргө байланыштуу маселелер тууралуу сөз болот.

III бөлүмдүн 1-параграфы **«Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин өзгөчөлүктөрү»** деп аталып, анда мындай кыска тексттердин табияты анализге алынган.

Гезиттик тиги же бул жанрдын өнүгүш эволюциясы, анын табияты, өзгөрүш жана өнүгүш багыттары коомдук турмуш тарабынан аныкталат. Бүгүнкү цивилизациянын чордонунда кабар, маалымат, билдирүү жанрындагы публицистикалык тексттер негизги орунда турат. Анткени кабар түрүндөгү тексттер коомдук турмуштун күрөө тамырынан кабар берип,

коомчулукту толкундаткан маселелерди чагылдырат. Ошондуктан кабар түрүндөгү тексттер учурда ыкчам өнүгүп турган маалымат булагы болуп саналат. Кабар – көлөмү чакан, түрдүү окуялар жана кубулуштар жөнүндө фактыларга негизделип берилген маалымат [Т.Аширбаев. - Б., 2004. - 4-к.]. Кабар түрүндөгү кыска тексттерде коомдук олуттуу мааниге ээ окуялар, кубулуштар жана фактылар негиздүү берилип, далилдүү маалыматтар сунушталгандыктан, алар гезиттик материалдардын мазмундук борборун түзө алышат**.** Мындай тексттердин көлөмү чакан болгон менен, мазмуну терең, семантика-логикалык, логика-прагматикалык өрүшү кең абалда болот.

Мисалы: *Энергетикалык кризис газга таасирин тийгизди*

*Жарыктын тынымсыз өчүп жаткандыгынан улам, айрымдар көп кабаттуу үйлөргө кадимки отун мештерин куруп, эптеп тиричилигин өткөрүп жатышса, бир даары көгүлтүр оттун гана көзүн карап олтурушат. Ушул себептен көгүлтүр отту жагуу өткөн жылга салыштырмалуу 40% га ашыкча сарпталган. Былтыркы жылы бир суткада 140 миң кубометр газ керектелген болсо, бул жылы 210 миң кубометр газ жагылууда. Жашоочулардын көгүлтүр отунду эпсиз колдонуп, карызын өз убагында төлөбөгөндүгүнөн улам бүгүнкү күнгө карата карыз 59 млн сомго жеткен [Заман Кыргызстан. – 2009. – 16-январь. - 3-бет].*

Бул чакан кабарда бүгүнкү мезгилдеги биздин жашообуздун бир абалы, эптеп турмуштун ыңгайына жараша жасалган аракеттер жөнүндө айтылып, белгилүү фактылык цифралар аркылуу адамдардын көгүлтүр отко карата мамилеси берилип, соңунда анын натыйжасы ар бир адам мындай проблемалуу жагдайларды аңдап түшүнүү, сезүү керектиги менен жыйынтыкталат. Текст өзүнүн ички мазмундук стратегиясы боюнча коомчулукту сарамжалдуулукка, жоопкерчиликке үгүттөө максатын да көздөйт. Ошентип, кабар, билдирүү түрүндөгү бул текстте фактылык информациялар бири-бирине ширелишип турат. Фактылык информация *«40%», «140 миң», «210 миң», «59 млн»* деген эсептик сан атоочтор аркылуу берилди. Мындай фактылык информациялардын кабар текстинде берилиши окурманды ынанымдуу, так маалыматтар менен камсыздоо максатын көздөйт. Кабар түрүндөгү бул кыска тексттин концептуалдык информациясы фактылык информациянын негизинде туюндурулган. Ошентип, жогоруда мисалга алынган тексттен окурман «сөздүн төркүнү» эмне жөнүндө болуп жаткандыгын түшүнөт.

*«Жарыктын тынымсыз өчүшү», «көп кабаттуу үйлөргө отун мештерин куруу», «көгүлтүр оттун гана көзүн кароо», «карызды өз убагында төлөбөгөндүгү»* деген сыяктуу синтаксемалардын берилиши аркылуу Кыргызстандын өтө оор экономикалык кризиске кептелгенин баяндоо өңдүү концептуалдуу информация туюндурулган. Анализденип жаткан текст кабардын табиятына ылайык жөнөкөй, түшүнүктүү, кабыл

алууга жеңил, мазмуну ачык, так жана ырааттуу туюндурулду. Тексттин жалпы архитектоникасы, графикалык жактан жабдылышы да кабардагы информацияны оперативдүү кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзө алат.

Бул текст семантика-логикалык, структуралык жактан жөнөкөй түзүлгөнү менен, анын мазмундук негизи коомдук турмуштун учурдагы өтө көйгөйлүү маселелерин чечүүгө аракет кылуу, терс көрүнүштөргө кайдыгерлик кылбоо, ага кош көңүл мамиледе болбоо сыяктуу мотивдерге жык толгон. Талданып жаткан текстте *«…көгүлтүр отту жагуу өткөн жылга салыштырмалуу 40% га ашыкча сарпталган…»* деген сыяктуу салыштыруу маанилери да берилген. Ушул синтаксеманын текстте камтылышы аркылуу кабардын маанилүүлүгү артып, коомчулукту сарамжалдуулукка, сабырдуулукка үндөө максаты ишке ашкан.

Бул кабар түрүндөгү кыска тексттин мазмунунан өлкөнү экономикалык оор абалга туш кылган башкаруу системасынын чабалдыгын, башкаруучулардын жөндөм-шыгынын начардыгын, алардын билим камы, компетенциясы төмөн экендигин, коом коррупцияланып, өлкөдө баш-аламандык, тартипсиздик бар экендигин да туюуга болот. Болбосо, илимий-техникалык жактан жетишкен, технологиялар ар тараптан өнүккөн ушул заманда көп кабаттуу үйлөр жылыбай «отун мештерин куруу» менен элдин алек болушу, элдин туташ жакыр абалга келиши, карыздарды төлөй албаган оор турмуштун өкүм сүрүшү жөн жерден пайда болмок эмес.

Демек, кабар түрүндөгү кыска текст коомдогу бүтүндөй ал-абалды, элдин маанайын, моралдык-психологиялык атмосферасын, коомдук институттардын ишмердик ал-жайын, коомдогу экономикалык, маданий, саясий, идеологиялык тенденцияларды да туюндуруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ушул өңүттөн караганда, маалымат адамга көп жагынан таасир этери байкалат. Тактап айтканда, туюндурулган бир эле маалымат көп багыттагы маанилерди өзүндө камтый алат. Мына ошондуктан маалымат адамдарды ар түрдүү ой-санаага, сезимдерге тушуктурат. Ар кандай оң эмоцияларга, үмүт-тилектерге же тескерисинче, пессимисттик терс сезимдерге, кайгы-капага, тынчсызданууларга, кабатырланууга кабылтат. Жогоруда иликтөөлөр көрсөткөндөй, кабар түрүндөгү кыска тексттердин көлөмү чакан болгон менен мазмуну терең, семантика-логикалык, логика-прагматикалык өрүшү кең абалда болот. Мындай кыска тексттерде кээде терең ойлор туюндурулуп, коом үчүн олуттуу маселелер баяндалат. Мындай кабар түрүндөгү кыска тексттер коомчулукту ойлонтуп, кайсы бир маселенин тегерегинде толгонто алат. Бул көрүнүш гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантикалык, логика-прагматикалык өзгөчөлүгү болуп саналат.

Гезитке жарыяланган макалалар, билдирүүлөр, кабарлар тез окулуп, тез түшүнүүгө ылайыкталып жазылат. Бул гезит жанрындагы тексттердин мүнөздүү белги-өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп эсептелет. Демек, гезит

жанрындагы тексттер жазуу формасында кыска, так, жөнөкөй, мазмундук жактан түшүнүктүү, көп багыттуу жана көп жанрлуу болот. Гезиттик кыска тексттер дал ушундай логика-прагматикалык, семантика-структуралык табияты боюнча башка тексттерден айырмаланат.

III бөлүмдүн 2-параграфы **«Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин графикалык жактан жабдылыш өзгөчөлүктөрү»** деп аталат. Мындай кыска тексттерде эл менен информация алмашуу, мамиле түзүү максаты көздөлгөндүктөн, алардын гезитте графикалык жактан жабдылышы, жасалгаланышы да олуттуу мааниге ээ. Анткени тексттин жалпы архитектоникасы, графикалык жактан жабдылышы да кабардагы информацияны оперативдүү кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзө алат. Графикалык белгилер графикалык жактан тексттин мазмунун өзгөчөлөнтүп жазуу, кабар түрүндөгү тексттердин мазмундук, логикалык структурасын атайы бөлүп көрсөтүү сыяктуу кызмат аткарышат. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин графикалык жактан жабдылышы тексттин модалдуулугун да туюндурат. Маселен: «Аалам» гезитинин 2009-жылдын 12-мартында чыккан санында *«Жекшенкулов камалды…»* деп 1-бетте макаланын кыскача аннотациясы берилип, андагы мазмун графикалык жактан өзгөчөлөнүп жазылган түрдө фото сүрөттөр менен чагылдырылган. Аталган кабар түрүндөгү кыска текст гезиттин 3-бетинде *«Аликбек Жекшенкулов бир айга УКМК СИЗОсуна камалды»* деген темада аталып, андан соң тексттин мазмуну ар тараптан чечмеленген. *«А.Жекшенкулов камалды»* деген кабар ошол мезгилде коомчулук үчүн чоң резонанс жаратып, көпчүлүк жарандардын аталган окуяга, өлкөдө болуп жаткан адилетсиз саясий оюндарга карата нааразылыгын жараткан. Кыргызстандын саясий элитасынын катарын түзгөн, ишкер, чыгармачыл, активдүү инсан А.Жекшенкуловдун кийинки тагдырына «Аалам» гезитинин жамааты да кайдыгер эмес экенин кабар түрүндөгү бул кыска тексттин ыргагынан, тонунан жана *«А.Жекшенкулов камалды»…* деген суук кабарды атайы бөлүп, графикалык жактан обочолонтуп сунуштоодон байкоого болот. Ырас, гезитте маалыматтарды кайсы бир деңгээлде объективдүү, бейтарап туюндурууга аракеттер жасалат. Маалыматты калыс, эч бир жакка кошулбай, адилет чагылдыруу гезиттин негизги милдети болуп саналат. Бирок ошондой болсо да, биздин оюбузча, коомчулуктун жүрөгүн өйүгөн олуттуу маселеге карата гезиттин граждандык позициясы, патриоттук намысы бар жамааты баары бир кайдыгер боло албаптыр. Бул сыяктуу модалдык маанилерди журналисттер тилдик каражаттар менен ачык туюндурбаса да, гезиттин тилдик эмес, сүрөт, графика сыяктуу каражаттары аркылуу тымызын туюндура алышкан. Мына ошондуктан *«А.Жекшенкулов камалды…»* деп көп чекит коюлуп, бул кабар атайы бөлүнүп көрсөтүлгөн. Бул графикалык белгиден өлкөдөгү саясий баш аламандыкка, болуп жаткан мыйзамсыздыкка, адам тагдыры менен ойногон

бийлик талаш, байлык талаш сыяктуу ыплас жосундардын өөрчүшүнө, өлкөнүн интеллигенциясынын бөлүнүп жарылуусуна, алардын моралдык, нравалык деңгээлинин төмөндөп бара жатышына карата журналисттердин тымызын наразылыгын сезсек болот. Коюлган көп чекит көптөгөн суроолордун, тынчсыздануунун, кабатырлануунун, туңгуюктун белгиси сыяктуу сезилет.

Биздин оюбузча, гезиттик кабар түрүндөгү тексттердин графикалык жактан шөкөттөлүшү тегин эмес. Ал графикалык белгилер текстте белгилүү бир модалдык маанилердин, кошумча семантикалык нюанстардын туюндурулушуна өбөлгө болушат.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин графикалык жактан обочолонуп жабдылышы тексттин өзгөчө архитектоникасын чагылдырган экстралингвистикалык факторлордун бири болуп саналат. Мындай графикалык каражаттар кабар түрүндөгү кыска тексттердин логика-семантикалык жактан уюшулушуна, анын эстетикалык көрүнүшүнө, кабарда туюндурулган маалыматтын олуттуу, маанилүү экендигин баса көрсөтүү ыкмаларына өз таасирин тийгизет. Ушул жагдайларга байланыштуу кабар түрүндөгү кыска тексттер адамдын көңүлүн бургандай көрүнүшкө, рекламалуу мүнөзгө да ээ. Реклама, баарыбызга белгилүү болгондой, тилдик эмес каражаттар аркылуу да туюндурулат. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска текстти графикалык каражаттар менен обочолонтуп жабдуу, аны тексттин мазмунуна шай келгендей фото сүрөттөр менен шөкөттөп чагылдыруу да туюндурулуп жаткан информациянын түшүнүктүү, так, таамай жана таасирдүү болушуна көмөкчү болот. Мына ушул процесстин өзүндө рекламалуулуктун көрүнүштөрү, анын элементтери кыйыр түрдө камтылып турат. Демек, гезиттеги ар бир графикалык белги-каражаттардын өзүнчө логика-прагматикалык максат-мүдөөлөрү болот.

III бөлүмдүн 3-параграфы **«Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин эстетикалык турпатын түзүүчү логика-семантикалык негиздер»** деп аталат. Гезитте материалдардын тыгыздыгы гезиттин эстетикалык турпатын, тутумун мүнөздөөчү төмөндөгүдөй төрт маанилүү көрсөткүчтү өзүнө камтыйт:

1. Материалдардын олуттуулугу, көңүл бурдурарлык касиетке ээ болушу;
2. Маалыматтардын ар түрдүүлүгү;
3. Гезиттин маалыматтуулугу;
4. Гезитте айрым билдирүүлөрдүн өтө маанилүүлүк деңгээли.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер да гезиттин эстетикалык тутумун, турпатын мүнөздөөчү жогорудагыдай логика-семантикалык критерийлердин негизинде түзүлөт жана жайгаштырылат.

Биздин оюбузча, гезиттин эстетикалык наркы, анда жарыяланган материалдардын олуттуулугу, жалпы коомчулуктун көңүлүн буруп,

көкүрөгүн ээлеп ала тургандай өтө маанилүү маалыматтарды камтышы менен аныкталат жана бааланат.

Гезитке жарыяланган кабар түрүндөгү кыска тексттердин коом үчүн олуттуу маселени туюндуруусу, коомчулукка чындыкты билдирүүсү - ал тексттердин логика-семантикалык жактан жогорку эстетикалуулугун көрсөтүүчү жагдай болуп эсептелет. Мындай тексттердин көлөмү чакан болгон менен, мазмундук жактан тулкусуна көп маанилерди сыйдыра алат. Тексттин мазмундук сыйымдуулугу да тексттин эстетикасын аныктоочу көрсөткүч. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин эстетикалык турпатын түзүүчү логика-семантикалык негиздер катары: 1) мындай кыска текстте олуттуу, кызыктуу, чындыкка шайкеш, таасирдүү маалыматтардын туюндурулушу; 2) туюндурулган маалыматтардын ар түрдүүлүгү, көп жактуулугу; 3) кыска тексттердин маалыматтуулугу, маалыматтык сыйымдуулугу эсептелет.

III бөлүмдүн 4-параграфы **“Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин модалдуулук өзгөчөлүктөрү”** деп аталат. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде модалдык вариацияларга жол берилет. Мындай тексттерге мүнөздүү маалыматтардын өзгөчө модалдык варианттары бар. Гезиттик кыска тексттерде модалдуулуктун төмөнкүдөй типтери бар:

а) Модалдык мааниси боюнча жеке ой-пикир катары полемикалуу жана ырастоочу маалымат иретинде сунушталган кабар түрүндөгү тексттер;

б) Модалдык мааниси боюнча расмий, компетенттүү тексттер;

в) Модалдык жактан аффирмативдүү, редакциянын атынан туюндурулган билдирүү түрүндөгү кыска тексттер.

Аталган кыска тексттердин модалдык тибин, негизги мазмунун, маалыматтык өзгөчө багытын толук түшүнүү, кабыл алуу үчүн экстралингвистикалык фактор катары эсептелген окурмандын фондук билими, коомдук-саясий маалымдуулугу чоң роль ойнойт. Ансыз гезиттик кыска тексттин мазмунун жетик түшүнүү кыйын. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерди сунуштоо окурмандын, деги эле коомчулуктун маалымдуулугуна, коомдук-саясий билимине ориентир жасалуу менен ишке ашат.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер модалдык табияты боюнча суггестивдик-модалдык, коммуникативдик-модалдык, квалификативдик-модалдык функцияны аткарышат. Суггестивдик-модалдык багытта текстте туюндурулуп жаткан маалыматка карата болгон автордун жеке мамилесине басым жасалат. Мында тексттин белгилүү маселеге конкреттүү далилдердин негизинде баа берип, гезит окурмандарын өзүнүн таасиринде ой жүгүртүүгө, автор сезгендей маселени сезүүгө аргасыз кылуу далалаты болот. Кээде тексттеги суггестивдик-модалдык багыт, эмоционалдык маанилер,

эмоционалдык-модалдуулук көрсөткүчтөрү менен татаалдашат. Бул көрүнүш гезиттик кыска тексттердин семантикалык түрдүүлүгүн маалымдайт.

Гезит тексттиндеги коммуникативдик-модалдык багытта, негизинен, гезит окурмандарына карата мамилеге басым жасалып, ал окурмандардын кайтарым аракетин, реакциясын жаратуу кызматын аткарат. Ошентип, гезит тексти менен окурмандын ортосунда таасирдүү, майнаптуу информация алмашуу процесси ишке ашат. Мындай тексттердеги коммуникативдик-модалдык багыт текстте семантикалык жактан ишенимдүү, ынанымдуу интонациянын түзүлүшүнө, ак адил, чын ыкластык мамиле-катыштын жаралышына өбөлгө болот. Бул көрүнүштөр публицистикалык стилдеги тексттерге мүнөздүү олуттуулукту, таасирдүүлүктү, сый-урмат мамиледе коомчулукка маалымат туюндурууну жана ой бөлүшүүнү камсыз кыла алат.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттеги квалификативдик-модалдык багытта автордун туюндурулуп жаткан маалыматка карата мамилесине басым коюлуп, текстте маалыматтын объективдүү туюндурулушу, автордун маселеге карата реалдуу мамиле жасагандыгы чоң мааниге ээ болот.

Гезиттик кыска тексттердеги маалыматтын семантикалык жактан анык чындык деңгээли маалымат булагынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө тыгыз байланыштуу. Бул учурда тексттеги адресанттык-модалдуулук чоң мааниге ээ. Маалымат булагынын расмийлүүлүгү маалыматтын ишенимдүүлүгүн, моралдык-психологиялык жактан анын ынанымдуулугун да пайда кылат. Адресанттык-модалдык көрсөткүчтөр семантикасы боюнча тексттеги маалымат булагы катары алынган инсандын бүтүндөй өзгөчөлүгүн, билим деңгээлин, маданиятын, адистик камылгасын жана дагы башка ички мүмкүнчүлүктөрүн кошо туюндурат. Бул жагдай публицистикалык тексттердин таасирдүүлүгүн дагы арттырат. Гезиттик тексттеги адресанттык-модалдуулук окурмандын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө, адамды интеллектуалдык жактан жетилтүүгө салым кошо алат. Бул көрүнүш гезиттик жанрда информация менен иштөөнүн семантика-структуралык өзгөчөлүгүн түзөт. Ошондой эле бул гезиттин агартуучулук табиятка ээ экендигин да айгинелеп турат.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантикалык жактан логикалуу, далилдүү болуусун логика-модалдык каражаттар уюштурат. Логика-модалдык каражаттар текстте ойдун ыраатын жана өнүгүшүн так көрсөтүп, тексттин мазмунун жетик түшүнүүгө ар тараптан көмөкчү болот. Мындай каражаттар гезиттик кыска текстте семантикалык жактан ойдун башталышын, улантылышын жана аякташын ачык белгилеп турат. Алар мааниси боюнча тексттеги себеп-натыйжалык, шарт-кырдаалдык мамиле-катышты да туюндурууга катышат.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде өзгөчө мүнөздөгү семантикалык, логика-модалдык багыттын минтип ар түрдүү тилдик

бирдиктердин, каражаттардын негизинде туюндурулушу гезит текстинин маалыматты эркин, ар түрдүү, көп тондуу манерада туюндурушуна мүмкүнчүлүк түзөт. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде семантикалык ар түрдүүлүктү уюштуруу максатында ойдун ырааттуулугуна, биримдигине залакасы тийбегендей тартипте кошумча маалыматтар да туюндурулат. Коммуникативдик-модалдык мындай белгилер гезит аркылуу маалымат туюндурууда жана маалыматты коомчулукка сунуштоодо гезитти тажатма монотондуулуктан, бир жактуулуктан куткарат.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска текстте сүйлөшүү процессинин тикеден-тике таасиринде жаралган формалдык-модалдуулуктар да кездешет. Анда автордун текстте маалымат туюндуруу ыкмаларына карата болгон мамилеси чагылдырылат.

III бөлүмдүн 5-параграфы **“Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин темаларындагы өзгөчөлүктөр”** деп аталат. Гезит беттеринде окурманды өзүнө тарткан, анын кызыгуусун пайда кылган, гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердеги негизги көрүнүш анын темасы болуп эсептелет. Гезит тексттеринин темасы көбүнчө рекламалуу мүнөзгө ээ болору изилдөөлөрүбүздө белгилүү болду.

Тексттеги темалар автордун көз карашына, тажрыйбасына, сезим-туюмуна, ой жүгүртүүсүнө, чыгармачыл жигерине, даремет-күчүнө көз каранды болот. Ушул сыяктуу субъективдүү себептерге байланыштуу гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин темаларынын структурасы ар түрдүү болот. Гезиттик кабар түрүндөгү тексттердин темасы сөз айкашы, сүйлөм түрүндө болушу мүмкүн. Демек, аталган тексттердин темалары грамматикалык формасы, структурасы жагынан ар түрдүү. Мындай учурлар гезит беттеринде кеңири учурайт.

Темаларда тексттеги мазмундун сыйымдуу чагылдырылышы, окурманды өзүнө тартуу мүмкүнчүлүгү, эс-акылга таасир этүү амалы, эсте тутууга жеңил, түшүнүүгө ыңгайлуу шарт түзүү өзгөчөлүгү дайыма сакталат. Ошондуктан мындай кыска тексттердин темалары көп түрдүү, полифункционалдуу табият-белгилерге ээ. Тексттин темасы да мындай кыска тексттердин логика-прагматикалык, информациялык өңүтүнө бир кыйла өзгөчөлүктөрдү кийириши мүмкүн. Анткени кыска тексттердин темалары тексттин стилине, лексика-семантикалык, коннотациялык негиздерине таасирин тийгизет.

Иштин IV бөлүмү **«Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин лингвостилистикалык өзгөчөлүктөрү»** деп аталып, бул бөлүмдө гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин стилистикалык өзгөчөлүктөрү, анда тилдик каражаттардын колдонулуу бөтөнчөлүктөрү, тыныш белгилеринин коюлушу талдоого алынып, аталган тексттерге мониторинг жүргүзүүнүн ролу белгиленген.

IV бөлүмдүн 1-параграфы **“Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин стилистикалык өзгөчөлүктөрү”** деп аталат. Тексттерди гезит беттерине бөлүштүрүүнүн адаттагы жол-жосуну менен алып караганда, публицистикалык стилдеги тексттердин билдирүүчүлүк, туюнтуучулук касиетине дайыма артыкчылык берилет. Мындай кыска тексттердин информацияны туюнтуучулук касиетине жараша текстте сөз болуп жаткан темага, андагы информациянын өзгөчөлүк жагдайларына, шарт-кырдаалдарына жараша тилдик каражаттар колдонулат. Тилдик каражаттар тексттеги маанинин табиятын ар тараптан кылдат ачып берүүгө активдүү катышат. Тексттеги маалыматтын семантикасы жана андагы бүтүндөй нюанстар тилдик каражаттар аркылуу ачылып баяндалгандыктан, колдонулган лексикалык каражаттардын мааниси андагы сүйлөмдөрдүн ыргагынан, кыраатынан да ачык байкалып турат. Гезит текстинде кандайдыр бир иш-аракеттерди мактоо максаты көздөлсө, лексиканын эпидектикалык мактоо стили тандалып алынат. Эгерде гезит тексттинде кандайдыр бир иш-аракеттерди сындоо максаты коюлса, анда терс стилдик боектогу лексикалык каражаттар ал текстте көп колдонулат. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска текстте объективдүү, калыс көз караш туюндурулган учурда бейтарап тилдик каражаттар тандалып алынат.

Мындай кыска тексттерде басымдуу көпчүлүк учурда информация объективдүү, бейтарап маанайда, ачык туюндурулат. Айрым учурларда көбүнчө оппозициялык маанайдагы гезиттерде сындоо, наразылык, колдоо, мактоо, жектөө сыяктуу ж.б. көп кырдуу, көп жактуу кошумча маанилер менен текст татаалдашат. Ошого жараша стилдик боектор колдонулат. Бул мындай тексттердин лингвостилистикалык негизги өзгөчөлүгү болуп саналат.

Гезитте колдонулган лексикалык категориялардын, семантика-грамматикалык бирдиктердин, каражаттардын стили - гезит тексттинин жеке лексика-стилистикалык, грамматика-стилистикалык курамын түзүүчү көрүнүш. Гезит тексти өзүнө таандык стиль аркылуу гана сөздөрдү тандоо маселесин иш жүзүнө ашырат. Ушул өңүттөн алып караганда, гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин уюшулушу төмөндөгүдөй түрдүү байланыштык типтер аркылуу ишке ашат:

1. Салттуу байланыштык тип боюнча уюшулат. «Салттуу байланыштык тип» деген түшүнүк кыргыз тилинде буга чейин миң жылдап түзүлүп, салтка, нормага айланган тилдик каражаттардын тексттеги байланыштарын туюндурат.

2. Тике байланыштык тип аркылуу да уюшулат. «Тике байланыштык тип» деген түшүнүк гезитте коом үчүн азыркы мезгилде өтө актуалдуу деп берилген макаланын резюмеси, негизги, өзөктүү маанисин туюнткан кыска

мазмуну гезиттин 1-бетинде туюндурулушу менен түзүлгөн байланышты билдирет.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде тилдик каражаттар, биринчиден, тексттин жалпы мазмунуна, андагы негизги логика-прагматикалык багытка, моралдык-психологиялык маанайга ылайык гезит жанрына мүнөздүү жол-жободо, ыкмада, ачык мааниде жана ачык баа берүү түрүндө колдонулат.

IV бөлүмдүн 2-параграфы **“Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде тилдик каражаттардын колдонулуу өзгөчөлүктөрү”** деп аталат. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде публицистикалык стилдин өзгөчөлүгүнө ылайык тилдик бирдиктер менен каражаттар колдонулат.

Жанрдык, стилдик, прагматикалык талаптарга ылайык гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерге документализм, олуттуулук, официалдуулук белгилери мүнөздүү. Тексттин официалдуу ыргагы анын олуттуулугун кыйыр түрдө билдирип, тексттин таасирдүүлүгүн арттырат. Олуттуу маанидеги тексттер документалдуу, так маалыматтар менен коштолгондо, анын ынанымдуулугу жана таасирдүүлүгү жогорулайт.

Мындай кыска тексттерде маалыматтын өзгөчөлүгүнө жараша официалдуу-иштиктүү терминдер, адабий тилдик нормада, түз мааниде колдонулган, бейтарап тилдик каражаттар кеңири колдонулат. Алар, биринчиден, мындай кыска тексттердин официалдуу, олуттуу жана документалдуу болуусун камсыз кылышат. Экинчиден, мындай тилдик каражаттар кабар текстинин маалымат менен катар үгүт-насаат жүргүзүү, кайсы бир өңүттөн элге таасир этүү кызматын да өтөшөт.

Ошондой эле официалдуу-иштиктүү лексика мекемелердин, уюмдардын, ишканалардын, жамааттардын аталыштары катары, номенклатуралык аталыштар катары колдонулат. Алар тексттин официалдуулугун жаратат.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер бир түрдүү эмес, ар түрдүү болгондуктан, анда публицистикалык стилде арбын колдонулган туруктуу сөз айкаштары, карапайым сөздөр, публицистикалык ыкка ылайыкталып аталган терминдер да көп колдонулат.

Мындай кыска тексттерде карапайым сөздөр семантикалык өзгөрүүгө учурап, жаңы мааниде колдонулат да, алар жергиликтүү улуттук колоритти билдиришет.

Кабар түрүндөгү кыска тексттерде турмуштук окуялар, фактылар жөн гана констатацияланбайт. Мындай тексттер гезит жанрынын табиятына ылайык полифункционалдуу мүнөзгө ээ болгондуктан, анда колдонулган тилдик каражаттардын маанилеринин кеңейүүсү, сөздөрдүн маанилик сыйымдуулугунун өзгөрүүсү ишке ашат. Ошентип, тилдик каражаттардын

маанисине сыйдырылган маанилер тексттин мазмунунун полифункционалдуу касиетке ээ болушун шарттайт.

IV бөлүмдүн 3-параграфы **“Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде лексикалык каражаттардын колдонулуу өзгөчөлүктөрү”** деп аталат. Гезиттик кабар тексттери тилдик реалийлерге бай жана ар түрдүү. Мындай тексттерде колдонулган лексикалык каражаттар жөнөкөй, турмуш-тиричиликке жакын, гезиттик ыкта, нукта, демек, коомдун бардык өкүлдөрүнө түшүнүктүү, жеткиликтүү болгудай негизде, адабий тилдик нормада колдонулат. Ошондуктан диалектизмдер, говорлор гезиттик кыска тексттерде ашкере колдонулбайт.

Ал эми аталган тексттерде колдонулган көпчүлүк терминдер турмуш-тиричиликке ылайыкталып, жөнөкөйлөштүрүлүп өзгөртүлгөн түшүнүктөр катары колдонулат. Мына ушул жагдай гезиттик лексиканын жалпы элге түшүнүктүүлүгүн, жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат. Мындай текстте басымдуу учурда жалпы элге белгилүү, түшүнүктүү сөздөр колдонулат. Ушул себептерден улам гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде сөздөрдүн, фразеологизмдердин ар түрдүүлүгү кайсы бир деңгээлде чектелүү. Айрым учурда гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде көркөм, поэтикалуу касиетке ээ сөздөр гезиттик нукка ылайыкталып маанилик жактан кайра өзгөртүлүп колдонулат. Ошондо көркөм, поэтикалуу сөзгө публицистикалык стилдик маани чөгөрүлөт да, сөз публицистикалык маанайды туюндуруп, семантика-функционалдык жактан өзгөрүүгө учурайт. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде сөздөр эле эмес, айрым фразеологизмдер да публицистикалык нукка ылайыкталып, публицистикалык семантикалык оттенокто колдонулат.

Мындай кыска тексттерде стандартка, шаблонго айланган учкул салыштыруулар да кездешет. Алар текстке публицистикалык стилдик ыраң, түс берип, баяндоонун мазмундук өзгөчөлүгүн алдын ала байкатып турат.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде күнүмдүк сүйлөөбүздө колдонулуп жүргөн бейтарап сөздөр публицистикалык оттенокто колдонулган учурлар көп. Мында сөздөр семантикалык жактан өзгөрүүлөргө учурап, гезиттик нукта, стилдик коннотацияда информация туюндуруп калат.

Мындай кыска тексттердин лингвостилистикалык белгилерин так көрсөтүп турган, коннотациясы боюнча гезиттик мүнөзгө ээ болгон гезит сөздөрү тексттин жалпы стилдик белгисин, функционалдык өзгөчөлүгүн окурманга ачык билдирип тургандыгы менен өзгөчөлөнөт. Гезит сөздөрү кыска тексттин мазмундук өзөгүн публицистикалык маанайда туюндурууга чоң көмөк көрсөтөт.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде темпоралдык маанидеги лексемалар жана синтаксемалар активдүү колдонулат.

IV бөлүмдүн 4-параграфы **“Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде грамматикалык каражаттардын колдонулуу өзгөчөлүктөрү”** деп аталат.

Функционалдык стилдерде колдонулган морфологиялык каражаттар жана синтаксистик конструкциялар, дээрлик, бири-бирине окшош. Бирок ар бир функционалдык стилде тиги же бул морфологиялык жана синтаксистик каражаттардын колдонулуш санында айырмалар бар. Анткени функционалдык стилдерде грамматикалык каражаттардын колдонулуш саны, комбинациясы, вариациясы жана алардын бөлүштүрүлүш мүнөзү ар башка.

Кабар түрүндөгү кыска тексттерде атоо мааниси прагматикалык жактан үстөмдүк абалда болгондуктан, зат атооч, этиш жана ат атоочтор жыш колдонулуп, алар информативдик чоң жүктү аркалашат. Бул көрсөткүч мындай кыска тексттердин грамматикалык, синтаксистик өзгөчөлүгүнө да өз таасирин тийгизбей койбойт. Текстте грамматикалык каражаттардын мындай мүнөздө колдонулушу, комбинацияланышы, бөлүштүрүлүшү, тексттин коммуникативдик, функционалдык стилдик табиятына, прагматикалык өзгөчөлүгүнө көз каранды.

Мындай кыска тексттин мазмундук-прагматикалык табият-өзгөчөлүгү боюнча конкреттүү жана предметтүү болуусу - гезит жанрынын негизги талаптарынын бири. Дал ошондой конкреттүүлүктү, маалыматтык жактан предметтүүлүктү гезиттик кыска тексттерде зат атоочтор уюштурат. Мындай кыска тексттерде зат атоочтордун көп санда колдонулушу - информацияны так жана предметтүү туюндуруу максатын көздөгөн публицистикалык стилдин мүнөздүү бир белгиси.

Публицистикалык стилге ачык баа берүү мүнөздүү. Мына ушул жалпы стилдик белгилер мындай кыска тексттерде сын атоочтордун өзгөчө ыкмада колдонулушун шарттайт. Бул жагдай кабар текстинде информациянын модалдык структурасынын ачык-айкын болуусуна көмөкчү болот. Мындай көрсөткүч көбүнесе сын атоочтордун ачык-айкын коннотациясы аркылуу түзүлөт.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин басымдуу көпчүлүгүндө себептерге, процесстерге караганда натыйжалар, окуялар, фактылар көрүнүштөр артыкчылыкка ээ болуп туюндурулат.

Кыска тексттерде этиш сөздөр зат атооч сөздөрдөн аз санда колдонулганы менен, алар структуралык эле функцияны аткарбастан, тексттин мазмунун уюштуруучу кызматты да аркалашат. Мындай тексттерде этиш сөздөр мазмун уюштурууда эмотивдик, экспрессивдик, баалоочу бир нече функцияны кошо аткарат. Гезиттик кыска тексттерде этиш сөздөр маанилик жактан татаалдашкан көрүнүштө, функционалдык жактан көп катмарлуу мүнөздө мазмун түзүү кызматын аткарышат.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде тиги же бул морфологиялык каражаттарды текстте жыш колдонуу, же аз колдонуу маселеси гезит тексттеринде информация туюндуруу өзгөчөлүгүнө тыгыз байланыштуу жана бул маселе гезит жанрындагы стилдик, прагматикалык, семантикалык тенденцияларга да көз каранды.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде синтаксистик каражаттардын колдонулушу мындай типтеги тексттердин логика-коммуникативдик, функционалдык стилдик өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот.

Гезиттеги коммуникативдик максат андагы тексттердин өзүнө мүнөздүү тилдик, синтаксистик каражаттар менен жабдылыш технологиясын жараткан. Маселен, гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде көп учурда басымдуу колдонулган, типтүү синтаксистик конструкциялар кездешет.

Синтаксистик конструкциялар - гезит жанрындагы кабар тексттеринде даяр, стандарттуу, шаблондуу синтаксистик каражаттар, туюнтмалар болуп саналат. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде даяр тилдик каражат катары колдонулган зат атооч+жандооч+этиш тибиндеги *(М: демилгеси менен өтмөкчү)* синтаксистик конструкциялар, ат атооч + жандооч + этиш тибиндеги *(М: бул тууралуу билдирди)* синтаксистик конструкциялар, барыш жөндөмөдөгү зат атооч + “байланыштуу” деген сөз катышкан конструкция *(М: чочко тумоосуна байланыштуу),* барыш жөндөмөдөгү зат атооч + “ылайык” деген сөз катышкан *(М: планга ылайык)* синтаксистик конструкциялар, зат атооч + “тарабынан” деген сөз катышкан *(М: Бекбоев тарабынан)* конструкциялар гезиттик кыска тексттерде кабар маалыматынын логикалык субьектисин айкын туюндуруу үчүн колдонулат.

IV бөлүмдүн 5-параграфы **“Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде тыныш белгилериинин коюлуш өзгөчөлүктөрү”** деп аталат. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде ар бир информациянын туюндурган маанилери бурмаланып бузулбай, өз нугунда, нагыз маанисинде элге жеткирилүүдө тыныш белгилеринин мааниси чоң, аткарган кызматы олуттуу.

Мындай кыска тексттерде көбүнчө маалымат жайынча баяндалып, сүйлөмдүн аягына көп учурда чекит белгиси коюлат. Анткени мындай кыска тексттерде жай сүйлөм активдүү колдонулат. Бул жагдай аталган тексттин коммуникативдик, прагматикалык табият-өзгөчөлүгүнө тыгыз байланыштуу. Ырас, текстте колдонулган мындай жай сүйлөмдөрдүн семантикасы бир түрдүү эмес. Айрым учурларда жай сүйлөмдүк түзүлүштө какшык, сарказм, кыйытып какшыктоо, тамашалоо маанилери да туюндурулат. *Мисалы: өткөн аптада Кыргыз агрардык академиясынын окутуучулук-профессордук курамы жана студенттер арасында спорттун бильярд түрү боюнча ректордун кубогуна мелдеш болду. Мелдештин жыйынтыгында биринчи*

*орунга М. Жакыпов, экинчи орунга У.Буйлашов, үчүнчү орунга Т.Турдубаев менен И.Алыкеев ээ болуп, аталган окуу жайдын ректору Турсунбек Кубатбековдун байгелерин алышты. Ошол эле учурда аталган окуу жайы улуттук гезитке карызын төлөөдөн качып жүрөт [Кыргыз туусу. - 2009. - 21-июль. - №54].*

Бул тексттеги 1-2-сүйлөмдө окуу жайдагы кубанычтуу кабар жөнүндө маалымат берилип, үчүнчү сүйлөмдө ушул окуу жайда өткөн мелдештин жыйынтыгы да жайынча гана баяндалып, сүйлөм аягына чекит белгиси коюлду. Ошондой эле аталган жакшы саамалык менен бирге текстте дагы бир ойдун башын кылтыйтып какшыктоо мааниси үчүнчү сүйлөмдө жайынча баяндалды.

Суроо белгиси суроолуу сүйлөмдөрдүн аягына коюлары белгилүү. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде суроолуу сүйлөмдөр пассивдүү пайдаланылары белгилүү болду. Кыска кабарларды гезит аркылуу туюндуруу көбүнчө баяндоо түрүндө болгондуктан, анда суроолуу сүйлөмдөр көп учурай бербейт. Көптөгөн факт-материалдар боюнча, эгерде тексттин темасы суроо тибинде айтылса, ал суроого сунушталган маалымат текстинде жооптор берилет.

Кээ бир гезиттик маалымат тексттеринде суроо белгиси тексттин акыркы сүйлөмүнө коюлат да, белгилүү бир маселе боюнча окурмандарды ойлонууга түртүү максаты ишке ашат.

Илеп белгиси гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде аз колдонулат. Анткени, прагматикалык, коммуникативдик өңүттөн караганда, илептүү сүйлөмдөр кыска кабар түрүндөгү гезит тексттерине көп мүнөздүү эмес. Айрым учурларда мындай текстердин аталышы илеп белгиси коюлган сүйлөм аркылуу берилет: *Осмонбек мырзанын «давлениясы» 180!*

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде сүйлөмдүн аягына көп чекит коюлбайт. Бул көрүнүш гезиттик кабардын официалдуулук мүнөзүнө тиешелүү функционалдык стилдик өзгөчөлүктөргө байланыштуу деп эсептейбиз. Анткени кабар тексти кыска, бирок семантика-коммуникативдик жактан аякталган түрдө болот. Изилдөөгө алынган факт-материалдардагы кыска тексттердин аягында көп чекит коюлбагандыгы белгилүү болду.

IV бөлүмдүн 6-параграфы **“Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде информация алмашуунун мониторингинин ролу”** деп аталат. Кабар түрүндөгү кыска тексттеги негизги маалыматты, андагы максатты, концептуалдуу мазмунду, саясатты кызыкчылык менен мамилени, шарт-кырдаалды жана жыйынтыкты окурман аныктайт жана баалайт. Публицистикалык стилдеги тексттерге мониторингдик иликтөөлөрдү жүргүзүп, информациянын көлөмүн, мазмунун жана анын логика-прагматикалык мүнөзүн аныктайбыз. Кабар түрүндөгү кыска тексттерге адамдын дүйнө таануусу, мамилеси, саясий кызыкчылыктары жана башкалар

бүтүндөй сыйдырылат. Ошондуктан гезиттик информация - адамдын сезим-туюмуна таасир этүүдөгү эң күчтүү курал.

Тексттин семантика-структуралык, логика-коммуникативдик табияты, типтери жана түрлөрү адресаттын өзгөчөлүгүнө жана жалпы эле ошол информация алмашуунун мониторингине байланыштуу ишке ашат.

Мониторингдик иликтөө гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин таасирдүүлүгүн, ынанымдуулугун арттырат. Ошондуктан публицистикалык стилдеги тексттердеги мазмундун берилиши, көлөмү, деңгээли, анын максат-милдеттери адресаттын ал-абалына, кабыл алуу жөндөмүнө ылайык реализацияланат. Ушул өңүттөн алып караганда, информация алмашуунун мониторинги гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер үчүн абдан зарыл. Анткени гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерди жалпы коомчулук кабылдайт жана ага карата өз баасын билдирет.

## Корутунду

Ишти изилдөөдө төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

1. Кабар түрүндөгү кыска тексттер көлөмү чакан болгон менен мазмуну терең, семантика-логикалык, логика-прагматикалык өрүшү кең абалда болот.

2. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер логика-прагматикалык жаткан көп багыттуу, жашырын эмоционалдуу, модалдуу касиеттерге ээ.

3. Логикалык, мазмундук багыты, модалдык структурасы боюнча гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде бири-бирине окшобогон информациялар туюндурулат.

4. Кабар түрүндөгү кыска тексттерде информацияны туюндуруу технологиясы да ар түрдүү, анда тилди колдонуу жагдайлары да окшош эмес.

5. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде эл менен информация алмашуу, мамиле түзүү максаты көздөлгөндүктөн, мындай тексттердин гезитте графикалык жактан жабдылышы, жасалгаланышы да олуттуу мааниге ээ.

6. Гезиттик кабар түрүндөгү тексттин темасы да мындай кыска тексттердин логика-прагматикалык, информациялык өңүтүнө бир кыйла өзгөчөлүктөрдү кийирет.

7. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин маалыматтуулугу, маалыматтык сыйымдуулугу да гезиттин мазмундук эстетикасын аныктоочу күчкө ээ.

8. Кабар түрүндөгү кыска тексттердин информацияны туюнтуучулук касиетине жараша текстте сөз болуп жаткан темага, андагы информациянын өзгөчөлүк жагдайларына, шарт-кырдаалдарына жараша тилдик каражаттар колдонулат.

9. Кабар түрүндөгү кыска тексттердин жыш жана тыгыз берилиши – информациянын көлөмдүк жагдайына да байланыштуу.

**Диссертациялык темага тиешелүү жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**

1. Мапаева, Н.А. Публицистикалык стилдеги тексттердин темасы жөнүндө [Текст] / Н.А. Мапаева // Эл агартуу. – 2009. - №5-6. - 54-58-б.

2. Мапаева, Н.А. Публицистикалык стилдеги тексттин өзгөчөлүгү [Текст] / Н.А. Мапаева // Эл агартуу. – 2009. - №5-6. - 58-62-б.

3. Мапаева, Н.А. Кабар, анын табияты [Текст] / Н.А. Мапаева // Эл агартуу. – 2009. - №7-8. - 13-17-б.

4. Мапаева, Н.А. Публицистикалык стилдеги тексттердин темпоралдык мaанидеги лексемалар жана синтаксемалар [Текст] / Н.А. Мапаева // Ош МУнун жарчысы. – 2009. - №2. - 22-24-б.

5. Мапаева, Н.А. Публицистикалык стилдеги тексттердеги модалдуулук маселелери [Текст] / Н.А. Мапаева // Ош МУнун жарчысы. – 2009. - №2. - 24-26-б.

6. Мапаева, Н.А. Публицистикалык стилдин кыргыз тил илиминде изилдениши [Текст] / Н.А. Мапаева // Ош МУнун жарчысы. – 2009. - №6. - 69-71-б.

7. Мапаева, Н.А. Кыскача кабар түрүндөгү тексттерде сүйлөшүүнүн мониторингинин ролу [Текст] / Н.А. Мапаева // Тил, адабият жана искусство маселелери. – 2010. - №1,2 (10,11). - 21-24-б.

**Резюме**

**Мапаева Нуржамал Абдиллажановна**

**Публицистикалык стилдеги тексттердин семантика-структуралык өзгөчөлүктөрү (гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин мисалында)**

10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация.

**Негизги сөздөр:** *коммуникация, информация, публицистика, текст, текст таануу, гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер, семантика, структура, лингвостилистика, лингвопрагматика, модалдуулук, информация алмашуунун мониторинги, гезиттик графика.*

**Изилдөөнүн объектиси** - гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер. **Изилдөөнүн предмети -** публицистикалык стилдин бир жанры катары саналган гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантика-структуралык, лингвостилистикалык, коммуникативдик, прагматикалык өзгөчөлүктөрү.

**Изилдөөнүн максаты:** гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантика-структуралык, лингвостилистикалык, графикалык, коммуникативдик, эстетикалык, прагматикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

**Изилдөөнүн методдору:** иштин жүрүшүндө эмприкалык жана теориялык методдор пайдаланылды.

**Эмгектин негизги натыйжалары:**

1) Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантикасы, структурасы лингвостилистикалык факторлорго тыгыз байланыштуу болот;
2) Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин семантика-структуралык табиятына тексттин модалдуулугу чоң таасирин тийгизет;
3) Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер гезит аркылуу информация туюндуруунун этикетине жана андагы өзгөчөлүктөргө да ылайыкталып түзүлөт;
4) Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттер мазмундук, коммуникативдик, прагматикалык, модалдык багыт боюнча полифункционалдуу касиетке ээ.

**Колдонуу чөйрөсү:** диссертацияда айтылган идеялар, корутунду ой-пикирлер, сунуштар филолог-студенттерге текст таануунун негиздери, кыргыз тилинин стилистикасы, сүйлөө маданияты, коммуникациянын теориясы, социопсихолингвистика боюнча сабактарды өтүүдө, студенттик аудиторияда стилистика боюнча илим изилдөө иштерин аткарууда, ошондой эле аспиранттар, тилчи-окумуштуулар аталган багытта изилдөө жүргүзүүдө практикалык жактан пайдаланууга болот.

## Резюме

**Мапаева Нуржамал Абдиллажановна**

**Семантико-структурные особенности текстов публицистического стиля (на примере коротких газетно-информационных текстов)**

Диссертация на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.01 – кыргызский язык.

**Ключевые слова:** *коммуникация, информация, публицистика, текст, текстоведение, газетные короткие информационные тексты, семантика, структура, лингвостилистика, лингвопрагматика, модальность, мониторинг обмена информацией, газетная графика.*

**Объект исследования:** газетные короткие информационные тексты. **Предмет исследования:** семантико-структурные, лингвостилистические, коммуникативные, прагматические особенности газетных коротких информационных текстов, как один из жанров публицистического стиля.

**Цель исследования:** исследование семантико-структурных, лингвостилистических, графических, коммуникативных, эстетических, прагматических особенностей газетных коротких информационных текстов.

**Методы исследования:** в процессе исследования были использованы эмпирические и теоретические методы.

**Основные результаты работы:**

1) Семантика и структура газетных коротких текстов тесно связаны с лингвостилистическими факторами;
2) Модальность текста имеет большое влияние на семантико-структурную природу газетных коротких информационных текстов;
3) Газетные короткие информационные тексты составляются в соответствии с этикетом донесения информации через газету, а также с его особенностями.
4) Газетные короткие информационные тексты обладают полифункциональными свойствами по содержанию, коммуникативности, прагматике и модальности;

**Среда пользования**: Идеи, выводы, мнения и предложения, изложенные в диссертации, могут быть полезны для студентов-филологов в проведении уроков по текстоведению, стилистике кыргызского языка, культуре речи, коммуникационной теории, социопсихолингвистике, для выполнения работ по исследованию науки по стилистике в студенческой аудитории, а также для практического пользования аспирантами и учеными-филологами, которые проводят исследования в этом направлении.

## Resume

**Nurjamal Abdillajanovna Mapaeva**

**Semantic-Structural Peculiarities of Texts of Journalistic00 Style (based on short newspaper-information texts)**

Dissertation for the degree of Candidate of Philological Sciences in the major of 10.02.01–Kyrgyz Language.

**Key words:** *communication, information, journalism, text, text studies, short newspaper informational texts, semantics, structure, linguo-stylistics, linguo-pragmatics, modality monitoring of information exchange, newspaper graphics.*

**Object of research:** short newspaper informational texts.

**Subject of research:** research of semantic-structural, linguo-stylistics, communicative, pragmatic peculiarities of short newspaper informational texts as one of the genres of the journalistic style.

**Purpose of research:** the purpose is the research of semantic-structural, linguo-stylistics, graphic, communicative, aesthetic, pragmatic peculiarities of short newspaper informational texts.

**Methods of research: e**mpirical methods were applied within the process of research, as well as theoretical methods.

**Basic results of work:**

1) Semantics and structure of short newspaper informational texts is closely connected with the linguo-stylistic factors;
2) Text modality has a great influence on semantic-structural nature of short newspaper informational texts.
3) Short newspaper informational texts is composed due to etiquette of information report by means of newspaper as well as due to its peculiarities;
4) Short newspaper informational texts have polyfunctional properties in relation to content, communicativeness, pragmatics and modality;

**Sphere of application:** ideas, conclusions, opinions and suggestions specified in the dissertation can be useful for students-philologists within their lessons in text studies, stylistics of Kyrgyz Language, culture of speech communicative theory socio-psycholinguistics for performance of work in research of stylistic science among students as well as for practical use by graduate students and academic philologists, that perform investigations in this sphere.

Форматы 60*84. 1/16
Офсеттик кагаз. Кёлёмщ 1,6 п.л. Нускасы 100
«Аракет-принт» басмаканасы
Бишкек шары, Тоголок Молдо кёчёсщ 58